# ЭКОНОМИКА

**УДК: 657.1.014.132**

## БЮДЖЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДЕ КАРЖЫЛЫК ЭСЕБИН ТАЛДООСУ

***Бекултанов Азисбек Абдилкараевич,*** э.и.д., профессор, “Экономикалык коопсуздук” кафедрасы, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматова пр., 66

***Иса кызы Асылай***, аспирант, “Экономикалык коопсуздук” кафедрасы, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматова пр., 66

**Аннотация.** Макалада мамлекеттик мекемелердеги каржылык, экономикалык, чарбалык эсептин талдоосу, башкаруу системасынын бир бөлүгү болгон талдоонун өз ара байланышкан милдеттери айтылган. Талдоодо негизинен каржылык отчеттордун маалыматтары колдонулат. Колдонулган маалыматтарды талдоонун милдеттери, талдоо жөргүзүүнүн ыкмалары, талдоо жүргүзүүнүн кадамдары, ар бир талдоонун ыкмаларынын негизинде жүргүзүлүүсү жөнүндө айтылган.

Мекеменин жумушунун таасирдүүлүгү; отчеттук жылдагы чыгаша жана киреше сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы жөнүндө айтылган. Бюджеттик мекемелер мамлекетик каражаттарды максаттуу багытта гана коротушат. Бюджеттен бөлүнгөн мекеменин карамагындагы каражаттардын көлөмүн, максаттуу багытталышын жана кварталдарга бөлүштүрүлүшүн чагылдырган каржылык иш кагаз смета жөнүндө да жазылган.

Ошондой эле жетекчи ички эсеп-кысап системасын, отчеттуулук жана көзөмөлдөөнү камсыз кылууга, чарбалык аткарымдарды көзөмөлдөө тартибин, тышкы пайдалануучулар үчүн каржы отчетун даярдоону, салыктык отчетторду жана башка каржы иш кагаздарын даярдоону, отчеттордун өз убагында берилишин камсыз кылууга милдеттүү экендиги жөнүндө да айтылган.

**Белгиленген сөздөр:** талдоо, милдет, камсыз, аткаруу, отчет, чечим, милдет, аткарылыш, негиз, маалымат,каражат, кабылдоо, байланыш, бириктирүү, кызматкер, каттам, кайталоо, чарбалык, баланс, эсеп, бөлүм, статистика, каржы.

## АНАЛИЗ ФИНАНСОВО- ЭКОНОМИЧЕСКОГО, ХОЗЯЙСТВЕННОГО УЧЕТА В ГОСУДАРСТВЕННЫХ УЧРЕЖДЕНИЯХ

***Бекултанов Азисбек Абдилкараевич,*** д.э.н, профессор, кафедра “Экономическая безопасность”, Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр. Ч. Айтматова 66

***Иса кызы Асылай***, аспирант, кафедра “Экономическая безопасность”, Кыргызский государственный технический университет им. И.Раззакова, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр.Ч. Айтматова 66

**Аннотация.** В статье рассматривается анализ финансово-экономического, хозяйственного учета в государственных учреждениях. Для проведения анализа в основном используются информации финансовой отчетности. В сфере управления часть анализа является основой управления, в статье указаны задачи, функции анализа. А так же рассмотрены методы и шаги анализа, чтобы правильно использовать информации для вышеперечисленных видов анализа.

Кроме того в статье указана ответственность руководителя бюджетного учреждения и его функции для эффективного развития учреждения. Основными задачами руководителя

является: организация бухгалтерского учета и системы внутреннего контроля в бюджетном учреждении; организация системы документооборота в бюджетном учреждении, в т. ч. организация хранения первичных учетных документов, регистров бухгалтерского учета и форм финансовой отчетности; своевременное предоставление достоверной финансовой отчетности бюджетного учреждения; утверждение должностных инструкций для работников бухгалтерской службы;

**Ключевые слова:** анализ, функции, исполнение, отчет, решение, основа, информации, средство, прием, увязка, обьединение, сотрудник, повтор, хозяйственный, баланс, учет, отдел, статистика, финансы

## ANALYSIS OF FINANCIAL, ECONOMIC, ECONOMIC ACCOUNTING IN PUBLIC INSTITUTIONS

***Beksultanov Azisbek Abdilkaraevich,*** Doctor of Economics, Professor, Department of Economic Security, KSTU named after I. Razzakova, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Ch. Aitmatova Ave., 66

***Isa kyzy Asylai,*** postgraduate student, Department of Economic Security, KSTU named after I. Razzakova, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Ch. Aitmatova Ave., 66

**Annotation.** The article discusses the analysis of financial, economic, economic accounting in state institutions. In the field of management, part of the analysis is the basis of management, the tasks and functions of analysis are indicated. For the analysis, mainly used information from financial statements. Also, analysis tasks, analysis steps, analysis methods are considered to correctly use the information for the above types of analysis.

In addition, the article indicates the responsibility of the head of the budget institution and its functions for the effective development of the institution. The main tasks of the head are: organization of accounting and internal control system in a budget institution; organization of a document management system in a budget institution, including for the organization of storage of primary accounting documents, accounting registers and financial reporting forms; timely provision of reliable financial statements of a budget institution; approval of job descriptions for accounting staff.

**Keywords:** analysis, functions, execution, report, decision, basis, information, means, reception, linking, association, employee, replay, economic, balance sheet, accounting, department, statistics, finance

Ар бир каржы кызматкери өз ишинин жыйынтыгын талдоо менен көзөмөлдөп туруусу зарыл экендиги тажрыйбада тастыкталууда. Көпчүлүк мамлекеттик мекемелер каржылык, экономикалык,чарбалык иштеринин талдоосун каржылык жыл бүткөндөн кийин жүргүзүшөт, же бир жылдык жыйынтыкты чыгарууда түзүлгөн талдоо мамлекеттик мекемелердин негизги аткарылган иштеринин жыйынтыгы болуп эсептелет. [2,8,9]

Ал эми мамлекеттик мекемелердеги каржы кызматкерлери күнүмдүк иштеринен бошобой, ай сайын талдоо кылганга убактылары болбогондуктан, көп убактарда мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынын туура пайдаланбай калгандыгы же ашыкча чыгымдар болуп кетүүсү жана башка каржылык мыйзам бузуу коркунучтарына кабылуусу мүмкүн. Мекемедеги ар бир каржылык операцияларды жүргүзүүдөн мурда, тиешелүү талдоо жүргүзүп алуу абзел. Талдоолорду жүргүзүү төмөнкүчө. [2,7]


Экономикалык талдоо – мамлекетти мекеменин каржылык, тармактык ишкердүүлүгү жөнүндөгү маалыматтарынын негизинде талдап, иргеп чыгуу жана мекеменин каражаттарды туура пайдаланышын, таасирдүү иштелишин кароо.

Экономикалык талдоо – башкаруу милдеттеринин бири болуп саналат. Биздин көз караш менен карасак:

- экономикалык талдоо – мекеменин келечектеги ишкердүүлүгүндөгү тармактык көйгөйлөрдү чечүүнүн ылайыктуу жолдорун тандоо,

- бюджеттик мекемени башкаруу тармагындагы эң бир керектүү делген байланыштардын бири болуп саналат.

Ошондуктан, экономикалык талдоонун негизинде, мамлекеттик мекемелерге тиешелүү болгон башкаруу чечимдерди кабыл алуу менен жыйынтыкталышы керек. [2,5] Башкаруу тармагынын бир бөлүгү катары талдоодо өз милдеттери менен байланыштуу. Аларды төмөндөгүчө атап алсак болот.




**1-сүрөт. Талдоо жөргүзүүдөгү милдеттер**

Баардык мамлекеттик мекемелерде алдыга койгон максаттарынын (план) негизинин жардамы менен мекеменин ишмердүүлүгүн, ар бир кызматчынын жана түзүмдөрдүн, бөлүмдөрүнүн багыттарын, мазмунун аныкташат. Ар бир иштин максаттуу-өлчөмдүүлүк менен өнүгүүсүн камсыздоо, эң негизгиси болуп, аягындагы мыкты жыйынтыктарга жетишүү жолдорун аныктоо.

Чарбалык башкаруу үчүн – иштин айлануусун жана алдыга коюлган максаттарын аткаруу жолдору боюнча туура жана так маалыматтарга ээ болуу керек. Ал үчүн дагы бир башкаруу милдеттери керектелет.

Эсеп жүргүзүү – чарбаны башкаруудагы жалпы маалыматтарды топтоо, тутумдаштыруу, иш айлануусун жана милдеттерин аткаруу жолдорун көзөмөлдөөнү камсыздайт. [2,3,4,5]

Чарбалык каржы ишкердүүлүктү талдоо – эсеп жүргүзүү менен башкаруу чечимдеринин кабылдоосун бириктирген байланыш десек жаңылышпайбыз. Талдоо жүргүзүүдө такталган маалыматтар мекеменин ишин алдыга жылдырууда, тийиштүү жыйынтыктарды алууда төмөнөндөгүлөрдү аткаруу милдет болуп эсептелет: [5,7,8]

-мамлекеттик мекеменин жыйынтыктары өткөн жылдардагы жыйынтыктар менен, башка тармактык мекемелердин көрсөткүчтөрү салыштырылат;


-мамлекеттик мекемедеги ишмердүүлүгүнө таасир берген тактоолор менен аныкталат;

-мамлекеттик мекемедеги кетирилген катачылыктар, колдонулбаган мүмкүнчүлүктөр жана келечектеги аткарыла турган иш максаттары да каралып, тиешелүү чаралар көрүлөт.

Талдоонун жардамынын негизинде мамлекеттик мекемедеги каржы кызматкерлери маалыматтарды жетекчилерге туура жеткирүү абзел. Талдоонун жыйынтыгынын негизинде башкаруу чечимдери иштелип чыгат жана негизделет. Экономикалык талдоонун негизинде мамлекеттик мекемедеги башкаруу чечимин кабыл алууга, келечекте мекеменин ишинин таасирдүүлүгүн жогорулатуу жана башкаруудагы негиз болуп эсептелет.

Мекеменин каржылык жана чарбалык ишкердүүлүгүнүн талдоодо, тажрыйбада колдонулуп жүргөн ыкмалардын негизинде иш алып барылат.

Ыкма – бүгүнкү күндө мекемедеги кандайдыр бир жумушту аткарууга багытталган тартиптердин, тийиштүү ыкмалардын жыйындысы деп түшүнөбүз. Ал эми экономикалык талдоодо, максаттуу түрдө мекеменин экономикалык жана аналитикалык тартиптеринин жалпы жыйындысы – ыкма деп аталат. Адатта төмөнкүдөй бөлүнөт:




**2-сүрөт. Талдоо жөргүзүүнүн ыкмалары**

Талдоо жүргүзүүдөгү ыкмаларды сүрөттөөдө көрсөтүлгөндөй, ар бир каржы кызматкерлери талдоону баштаар алдында жүргүзүлө турган талдоонун максаты жана милдеттери жөнүндө кененирээк билүүсү керек. Эгерде кызматкер талдоонун максаты жана милдеттери жөнүндө кабарсыз болсо, колдоно турган маалыматтарды издеп табуусуна, талдоонун сапаттулугуна, мекеменин ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизет. [7,8]

Мамлекеттик мекемедеги кызматтык нускаманын негизинде ар бир каржы кызматкер өздөрүнө тиешелүү болгон иш аймагынын негизинде талдоо обьектисин тактап алуулары абзел. Кызматкерлер арасында же тармактык түзүмдөр каттамында бир-бирин кайталап калуулардан алдын алуу керек. [5]

Тийиштүү мекемелерде, тармактарда жүргүзүлүп жаткан талдоолордо ар бир анализдин объектин изилдөөгө көмөк болгон көрсөткүчтөрдү да маалыматка кошуп, келечекте мекемеде көрсөткүчтөрдүн жогорулатуу сунуштарын киргизүү ар бир кызматкердин милдети болуп саналат. [7,8]


Андан сырткары изилденип жаткан объектилердин изилдөө ыкмаларын сүрөттөө, кайсыл убакытта, кандай колдонуу жөнүндө кызматкерлер өз ойлорун маалыматка камтый кетүүлөрү керек. Турмуштук тажрыйбаларда колдонулуп жүргөндөй эле талдоо жүргүзүүдөгү аналитикалык изилдөөлөрдүн мезгилдүүлүгү жана ырааттуулугу боюнча кеңештер, жүргүзүлүп жаткан талдоо боюнча маалыматык булактар, уюштурулуп жаткан талдоонун багыты, талдоонун жыйынтыгын түзүүдөгү иш кагаздар, түзүлгөн талдоонун жыйынтыгы жана анын колдонуучулары жөнүндө да маалыматтарды каржы кызматкерлери, башкы эсепчи жана мамлекеттик мекеменин жетекчиси билүүлөрү керек. Себеби: Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин 25 декабрь 2018 жыл № 137-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана каржылык отчеттуулукту жүргүзүү” боюнча буйругунун негизинде жетекчинин жана каржы кызматкерлеринин милдеттери каралган. [1,2]

Мекеменин жетекчиси бухгалтердик эсептин уюштурулушуна, чарбалык аткарымдарды аткарууда, мыйзамда белгиленген учурларда милдеттүү аудитти жүргүзүүнү камсыз кылууда

мыйзамдуулуктун сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат. Жетекчи ички эсеп-кысап түзүмүнүн, отчеттуулукту жана көзөмөлдөөнү камсыз кылууга, чарбалык аткарымдарды көзөмөлдөө тартибин, тышкы пайдалануучулар үчүн каржы отчетун даярдоону, салыктык отчетторду жана башка каржы иш кагаздарын даярдоону, отчеттордун өз убагында берилишин камсыз кылууга милдеттүү.

Башкы бухгалтер же каржы-экономикалык кызматтын жетекчиси бухгалтердик кызмат ишинин уюштурулушуна, бухгалтердик эсепте иш кагаздарды жүгүртүү, каржылык отчеттун сапаттуу даярдалышы жана өз убагында берилиши, бюджеттердин аткарылышы боюнча отчеттун, салык отчеттун, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча отчеттун, статистикалык отчеттун жана бугалтердик эсептин маалыматтарына негизделген отчеттун башка түрлөрүнүн уюштурулушу үчүн жоопкерчилик тартат. [1,2,6]

Жогоруда айтылгандардан негизинде, талдоонун андан ары улап кетүү үчүн, талдоонун кадамдары да колдонулат. Талдоо жүрүзүүнүн төмөнкү кадамдары бар:




**3-сүрөт. Талдоо жүргүзүүнүн кадамдары**

Талдоонун негизги маалымат булагын мекеменин ишкердүүлүгүнүн ар бир багытын мүнөздөгөн, маалыматтарды өзүнө камтыган бухгалтердик жана статистикалык отчетор түзүү. Анда: сметанын аткарылышынын жыйынтыгы, мекеменин материалдык-техникалык базасы ж.б. көрсөтүлөт. [2] Алардын пландык-укуктук документтештирүүсүнө дал келүүсү мекеменин эффективдүү иштешининин, өзүнө коюлган милдеттердин аткаруусунун толуктугунун деңгээлин көрсөтүп турат.

Чарбалык, бухгалтердик эсептин жүгүзүлүшүн талдоодо негизги маалыматтар болуп бухгалтердик баланс, каржылык жана статистикалык эсептин маалыматтары негиз болуп саналат. [2,3,9]

Бүгүнкү күндө, мамлекеттик мекемелерде талдоону жылына бир жолу жүргүзүшкөндүктөн, убагында жаралган көйгөйлөрү чечилбей калууда. Ошондуктан биздин сунушубуз төмөнкүчө болмокчу. Талдоонун баардык түрлөрүн колдонуп, ай сайын талдоо жүргүзүлүп турса, мамлекеттик мекемелердеги эсеп кысапты жүргүзүүдө, каржы булактарынын колдонууда көйгөйлөр азаят жана бухгалтердик “1С” программасынын

өзгөртүүлөрүн убагында толуктап турбагандыктан, маалыматтарды азыркы күндө актуалдуу болгон “Google таблица» үлгүсүндөкошумча кодонушса, ашыктык болбойт. [10]

## Адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеби” боюнча мыйзамы 29 апрель 2002 жыл № 76
2. Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин 25 декабрь 2018 жыл № 137-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана каржылык отчеттуулукту жүргүзүү ” боюнча буйругу.
3. Байсалова Ж.М., Ибрагимов Н.К., «Каржылык эсеп» 2012ж
4. Дареева Ю.А. “Бухгалтердик эсептин теориясы”-2008ж
5. Бексултанов А.А., Учет финансирования бюджетных организаций Наука и новые технологии, № 5, Бишкек, 2013. ISSN 1026-9045
6. Бексултанов А.А., Кластерный анализ в портфельном инвестировании / Вестник БГУ, № 2(28), Бишкек, 2014, ISBN 9967-410-59-0
7. Бексултанов А.А., Анализ бюджетного контроля государственных расходов здравоохранения в Кыргызской Республике, Электронный журнал ВАК КР № 4 -2016г. ISSN 1694-7878
8. Бексултанов А.А., Анализ финансово хозяйственной деятельности организации.Символ науки. ISSN 2410-700X, № 05/2017, г. Уфа
9. Бексултанов А.А., Аудит эффективности использования и контроля бюджетных средств КР. Аудит 7-8 2017. ISSN 2227-9288. г. Москва
10. Бексултанов А.А Совершенствоыание системыгосударственного бюджетного контроля / А.А. Бексултанов, Б.У. Абдыкадырова, Н.Р. Тойбаева // Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова – 2020 - № 53. – С. 105 – 112.